# Токтогул атындагы №6 орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында 1-жарым жылдыкта окуу тарбия иштеринде жүргүзүлгөн иштер жөнүндө анализ

2022-2023- окуу жылынын сентябрь айынан баштап окуу планынын аткарылышы боюнча төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү.Сентябрь айында өткөн окуу жылына анализ берилип, жаңы окуу жылына пландар кабыл алынды.Предметтик мугалимдер толукталып,сааттар бөлүштүрүлдү.

Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлүп, ай сайын предметтер боюнча сабактардын өтүлүшү текшерилип турду.Предметтик декадалар, семинарлар, ачык сабактар, интелектуалдык марафондор,конкурстар өтүлүп турду.

2-чейрек 965 окуучу менен башталып 973 окуучу менен аякталды.Чейрек ичинде 23 окуучу келип, 23 окуучу кеткен.

**Предметтер боюнча билим сапат**

| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | | нач.кл. | |
| пред-т / чейр-к | кыргыз тили | кыргыз адабияты | орус тили | орус адабияты | алгебра | физика | химия | биология | геогра-я | ОИВТ | англ.тили | тарых | матем нач.кл. | окуу нач .кл. |
| 1-чейрек | 55 | 56 | 48 | 46 | 45 | 52 | 42 | 46 | 49 | 47 | 52 | 44 | 68 | 60 |
| 2-чейрек | 56 | 52 | 49 | 47 | 45 | 51 | 42 | 45 | 52 | 43 | 50 | 44 | 62 | 56 |
| Жогорула-ган % | 1% | | 1% | 1% | - | | - | | 3% | | | - | | |
| Төмөндө-гөн % | | 4% | | | - | 1% | - | 1% | | 4% | 2% | - | 6% | 4% |

**3-11- класстар боюнча билим сапат**

| | | эң жак. “5” | % | жакшы “4” | % | орто “3” | % | төмөн “2” | % | билим сапат | жетишүү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-чейрек | 3-4-кл | 23 | 14 | 55 | 35 | 82 | 51 | | | 49 | 100 |
| | 5-9-кл | 60 | 12 | 112 | 22 | 340 | 66 | | | 34 | 100 |
| | 10-11-кл | 12 | 19 | 14 | 22 | 37 | 59 | | | 41 | 100 |
| Жалпы 3-11 | | | | | | | | | | 38% | 100 |
| 2-чейрек | 3-4-кл | 24 | 15 | 49 | 31 | 86 | 54 | | | 46 | 100 |
| | 5-9-кл | 63 | 12 | 108 | 21 | 342 | 67 | | | 33 | 100 |
| | 10-11-кл | 12 | 19 | 12 | 19 | 40 | 62 | | | 37 | 100 |
| Жалпы 3-11 | | | | | | | | | | 36% | 100 |

**5-11-класстар арасында өткөрүлгөн предметтик олимпиадалар**

2022-2023-окуу жылында 14.11-25.11- күндөрү мектеп ичинде 9-11- класстар арасында,ал эми 21.11-02.12-күндөрү 5-8 – класстар арасында предметтик олимпиада болуп өттү.

5-класстар 6 предметтен
6-класстар 8 предметтен
7- класстар 9 предметтен
8- класстар 10 предметтен
9-класстар 10 предметтен

Олимпиадага 10 предмет боюнча 530 окуучу катышып, атайын түзүлгөн график боюнча өз убагында өтүлдү. Предметтик мугалимдер олимпиадалык тапшырмаларды түзүп, текшерүү учурунда 1,2 – турлар өткөрүлдү. Жыйынтыктоодо мектеп мугалимдеринин курамынан түзүлгөн комиссия мүчөлөрүнүн сунушу боюнча 1-орунга 5 упай, 2-орунга 4 упай, 3-орунга 3 упай берип эсептөө менен “Эң мыкты олимпиадачы” наамына ээ болгон окуучулардын тизмеси аныкталды.

**5- класстар арасында**

1- орун 21 упай , 5-а класс Батирова Фатима
2- орун 18 упай , 5-б класс Кабылов Баяман

**6- класстар арасында:**

1-орун 23 упай ,6-а класс Шамшиева Албина
2-орун 14 упай ,6-а класс Багышкулова Айзирек
3-орун 12 упай , 6-а клас Тойчуева Айгүл

**7-класстар арасында :**

1-орун 19 упай ,7-а класс Мамасодиков Бекзат
2-орун 12 упай ,7-а класс Насиралиева Хадича
3-орун 9 упай , 7-г класс Катаева Аяна

**8-класстар арасында:**

1-орун 20 упай ,8-б класс Алимбаева Албинур
2-орун 18 упай ,8-в класс Таштемирова Айбийке
3-орун 16 упай ,8-б класс Амракулова Тахмина

**9- класстар арасында**

1-орун 9-в класс Мамаджанова Кантайым 16 упай
2-орун 9-а класс Умарова Мавлюда 12 упай
3-орун 9-в класс Нажимидинова Айсел 10 упай

**10- класстар арасында**:

1-орун 10-а класс Абдукалекова Самара 15 упай
2-орун 10-а класс Темирбаева Жумагүл 13 упай
3-орун 10-а класс Таштанова Топчугүл 9 упай
Жаныбеков Байымбет 9 упай
Амирбеков Жанибек 9 упай

**11- класстар арасында :**

1-орун 11-а класс Камчиева Мээримгүл 28 упай
2-орун 11- а класс Рахманова Саера 15 упай
3-орун 11-а класс Ражавали к Айзирек 11- упай

Жыйынтыгында 5-11- класстар арасында олимпиаданын өткөрүлүшү “жакшы ” деп белгиленип шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнү терендетүү, шаардык олимпиадага окуучуларды татыктуу даярдоо сунушталат.

**Мектепте өз убагында предметтер боюнча жумалыктар өткөрүлдү**.Сентябрь айында Мамлекеттик тил – кыргыз тилинин 33 жылдыгына карата “Кыргыз тили – кылым тили” деген аталыштагы бир айлык иш чара өткөрүлдү. Бул айлыкка бардык кыргыз тил мугалимдери жана класс жетекчилер активдүү катышышты.

15-сентябрь күнү Тил кунүнө арналган айлыктын салтанаттуу ачылышы болду жана ушул эле күнү “Макал- сөздүн көркү” деген темада макал – лакап айтышуу сынагы 5-6-7- класстар арасында өткөрүлдү. Мында өздөрунүн макалды көп билгени, көркөм айтканы менен айырмаланган окуучулар болду.

20-сентябрь күнү 7-8 класстар арасында “Акыйнек ырын ырдашуу абалтан кыргыз салты экен” деген аталышта акыйнек айтышуу сынагы өткөрүлдү.Бул сынакта 8- б классынын окуучулары мыкты даярдангандыгын билдиришти.

21- сентябрь күнү “Өнөр алды – кызыл тил” деген темада көркөм окуу сынагы болуп, анда 10-а 11-а класстын окуучулары өздөрүнүн көркөм окуудагы жогорку чеберчиликтерин көрсөтүштү.

“Эне тилим даңазалайм түбөлүк” деген темада окуучулар видеослайддар жасашты.5-7 класстын окуучулары эне тилге арналган китепчелерди жасашты.

22-сентябрь күнү “Ырда жигит, бийле кыз” деген темада ар бир класс обондуу ыр,кыргыз улуттук бийлеринен аткарышты.

6-октябрь күнү кыргыз тили жана адабияты мугалими Алимбаева Тахиба шаардык денгээлде “Сөз бермети – кыргызда” деген темада ачык тарбиялык саат өттү.Сабак кызыктуу жана көрсөтмөлүү болуп, балдардын эне тилин, мекенин урматтоо, сүйүү сезимдерин жогорулатууда ачык максатты алдына койду.

12-декабрь “Улуттук адабият күнү белгиленди”. Бул күнү кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөр, ырлар, чакан көрүнүштөр аткарылды









Прикладдык усулдук бирикменин мугалимдери, 21-декабрь күнү “Ден соолук өмүрдүн булагы” аттуу мугалимдер арасында спорттук иш чара өткөзүштү. Иш чарада ар кандай дене тарбия көнүгүүлөр жасалып, “Көңүлдүү старт” аталыштагы мугалимдер арасында мелдеш өткөрүлдү.




22-декабрь күнү “Жаш мугалимдердин калыптанышы: кыйынчылыктар жана колдоолор” деген темада жаш мугалимдер менен насаатчы мугалимдердин маектешүүсү болуп өттү.

Максаты: Жаш мугалимдерге ар тараптуу жардам көрсөтүү, жана көйгөйлөрдүн чечүү жолдорун табуу.Мында жаш мугалимдер жарым жыл ичинде жетишкендиктери жана көйгөйлөрү боюнча пикир алмашышты.






2022-жылдын 5-декабрь күнү мектеп мугалимдерине “PISA-2025” даярдык көрүү боюнча кезектеги семинар өткөрүлдү.

Семинардын максаты окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандыруу жана баалоо ыкмаларын ойлоп чыгуу.Мектептин координациялык кеңештин мүчөлөрү, башталгыч класс мугалимдери,математикалык сабаттуулук, окуу сабаттуулугу, табигый илимдер боюнча суроолорду түзүшүп практикалык сабактарды өтүшүп, берилген суроо мисалдарды иштөө боюнча талкуу жүргүзүштү.







**Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин башталгыч класстарындагы 2022-2023-окуу жылындагы иш планынын аткарылышы боюнча анализ**

2022-2023-окуу жылында башталгыч класстарда алып барылуучу иш чаралар менен тааныштырылды.Календардык пландарды өз убагында түзүп бекитүү жана жазма иштеринин норма боюнча коюлушу, ачык саат, тарбиялык сааттардын графигин түзүү, шыктуу жана начар окуган балдар менен иштөөнүн пландарын түзүү боюнча иш алып барылды. Жаш мугалимдер менен иштөө боюнча иш план түзүлүп, насаатчыларды бекитилди.
Сентябрь айында шыктуу балдар жана өздөштүрүүсү начар ,сабактан көп калган балдар менен иштөөнүн иш пландары түзүлүп, бекитилди.
2-4- класстарда класс жетекчилер окуучулардын тизмеси такталды .
Мында 2-4- класстар боюнча шыктуу балдар :
2-класста 26 окуучу
3-класста 38 окуучу
4-класста 21 окуучу Жалпы : 85 окуучу
Өздөштүрүүсү начар ,сабактан көп калган балдар:
2-класста 27 окуучу

3-класста 32 окуучу
4-класста 19 окуучу Жалпы :78 окуучу
Ар бир класс жетекчи өзүнүн классындагы шыктуу балдар, өздөштүрүүсү начар жана сабактан көп калган балдар менен кошумча сабак өтүлүп ,кошумча тапшырмаларды беришип,ар бир окуучуга папкалар ачылып иш алып барылууда.
Биз мугалимдер UCAID дин "Окуу керемет!" долбоорунун алкагында иштелип чыккан окуу модулдарына катышып,үйрөнгөн усулдарын сабакта пайдаланып жатабыз.Окуган модулдагы стратегияларды сабакта пайдалануу менен балдардын окуу көндүмдөрүн , ошондой эле математикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча ар тараптуу иш алып барылууда.Окуганын түшүнүү балдарга математика боюнча берилген текст түрүндөгү маселелерди чыгарууга өбөлгө түзөт.Мугалимдер дифференцияланган окутууну колдонуу менен -бул бардык окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн,мүмкүнчүлүктөрүн,жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окутууга болот.Дифференцияланган мамиле мугалимге ар бир окуучуга бирлей мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо менен окуу процессин жекелештирүүгө мүмкүнчүлүк берип,.окуучулар алган билимин турмушта пайдалана билүү жөндөмдүүлүгүн ээ болушат.Ошондуктан биз BaaIooApp -бул Android ОС мобилдик түзмөктөрү үчүн иштелип чыккан башталгыч класстын окуучулары арасында калыптандыруучу (формативдик)баалоо жүргүзүү үчүн программасын пайдалануу мугалимдер үчүн да ыңгайлуу болууда .Бул аркылуу биз окуучуларды өз алдынча иштөөгө үйрөтө алат экенбиз.Мугалим кайсы окуучу кандай жардамга муктаж экенин да аныктай алат жана ошол боюнча иш алып барышат.Мында ар бир класс үчүн даяр тапшырма жана кайтарым байланыш бар .Мугалим окуучуларга дифференцияланган мамиле жасоо менен ар бир окуучуга бирлей мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо менен окуу процессин жекелештирүүгө мүмкүнчүлүк берип,окуучулар алган билимин турмушта пайдалана билүү жөндөмдүүлүгү калыптануусуна өбөлгө түзүлүүдө.
Сентябрь айында жогорудагы пландаштырылган иштер толук аткарылды.
Октябрь айында :
1.Журналдарын толтурулушу текшерилди.
2. 2-4-класстардын окуу техникасын баалоо
3. .Күндөлүктөрдүн абалын текшерүү

Текшерүү иши боюнча анализ

Октябрь айы

_2-4 – класстарынын окуу техникасынын абалы

Мугалим:___Башталгыч класстын мугалимдери
Класстар:________________2-а,2-б,2-в,3-а,3-б,3-в,4-а,4-в
Текшерүүнүн максаты :_Башталгыч класстарынын окуучуларынын окуу ылдамдыгын текшерүү жана ал аркылуу алардын окуу техникасын өздөштүрүү денгээлин байкоо_

Текшерүүнүн жыйынтыктары:

| № | Классы | Баары | Келгени | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты | Жетишүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-а | 37 | 37 | 12 | 5 | 18 | 2 | 45,9 % | 94,5% |
| 2 | 2-б | 30 | 30 | 10 | 6 | 14 | | 53% | 100% |
| 3 | 2-в | 33 | 33 | 3 | 8 | 20 | 2 | 33 % | 93.9% |
| 4 | 3-а | 42 | 42 | 13 | 10 | 16 | 3 | 54.7% | 95,2% |
| 5 | 3-б | 21 | 21 | 7 | 3 | 7 | 4 | 47,6% | 80,9% |
| 6 | 3-в | 26 | 26 | 8 | 6 | 12 | | 53,8% | 100% |
| 7 | 4-а | 42 | 42 | 7 | 16 | 18 | 1 | 54,7% | 97,6% |
| 8 | 4-в | 28 | 28 | 13 | 2 | 13 | | 53% | 100% |

Окуучулардын окуу ылдамдыгын жакшыртуу боюнча мугалимдер кошумча сабактарды өтүү менен ата-энелерди да баласы менен иштөөсү үчүн үйдөн көзөмөлгө алуусуна багыт берүү сунушталды.
2.Башталгыч класстарында октябрь айында күндөлүктөрдүн абалы текшерилди.

Текшерүүнүн максаты:Күндөлүктөрдүн жалпы абалын ,класс жетекчинин күндөлүктөр менен иштөөсүнүн абалын,предметтер боюнча күнүмдүк баалардын коюлушу ,ата-энелер менен байланыштын абалын күндөлүктөрдүн бардык бөлүмдөрүнүн туура толтурулушун текшерүү. Күндөлүктөрдү текшерүүнүн жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.
1-а ,1-б,2-а,3-а,4-а класстарынын мугалимдери күндөлүктөрдү текшерип, баа коюп, эскертүү жазган,мектептен үйгө чейинки маршруттун схемасы чийдирилген.Ата-энелер менен байланыш уюштурулган.Күндөлүктөрдүн абалы жакшы.
Ал эми 1-в,1-г,2-б,2-в,3-б,3-в,4-в класстарынын мугалимдерине күндөлүктөргө ар бир жумада окуучулардын сабактан калган күндөрү жазылып ,билими, жүрүш-турушу да бааланып, жетишкендиги же кемчилиги боюнча эскертүү жазып туруу жана мектептен үйгө чейинки маршруттун схемасы толук чийдирилип, схемада окуучунун толук дареги,ата-энесинин телефон номеринин жазылышын көзөмөлгө алуу сунушу берилди.
1.Башталгыч класстардын арасында өткөрүлгөн Изилдөө долбоорунун “Окуйбуз ,жасайбыз, изилдейбиз!” конкурсунун жыйынтыгы
2. 2-4-класстар арасында өткөзүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы
3.Жазма иштеринин норма боюнча алынышы
Ноябрь айында:
1. UCAID дин “Окуу керемет!” долбоору сунуштаган башталгыч класстын окуучуларынын жана алардын ата-энелеринин финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында уюштурулган “Фин-чилистен “ сынагы 4-а жана 4-в класстарынын арасында өткөрүлдүАта-энелер баланы коомдогу өз алдынча жашоого даярдоо ата-энелердин, мугалимдердин жана аны тарбиялоого катышкан чоң адамдардын негизги милдеттери экенин билишти.Бул балага келечекте финансылык туура чечимдерди кабыл алууууга ,өз акчасын туура колдонгонго ,туура максат коюуга жана ага жетүүгө жардам берет. 2.Декабрь айында:
Ноябрь айында башталгыч класстардын арасында өткөрүлгөн Изилдөө долбоорунун “Окуйбуз ,жасайбыз, изилдейбиз!” конкурсу жарыяланып, 6-декабрь күнү башталгыч класстар арасында “Изилдөө долбоору” иш чарасы өткөрүлдү
Бул иш-чаранын максаты:
-Башталгыч класстардын окуучуларынын функционалдык сабаттуулугунун маанилүү экендигин коомчулукка жеткирүү;
-Мектепте жана мектептен тышкаркы иш-чараларда окуучулар үчүн өнүктүрүүчү жана шыктандыруучу чөйрөнү түзүү; Изилдөө долбоору топтордо же башка бала /мугалим/ата-эне менен жупта иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.Мындай биргелешкен иш-чаралар баланын чыгармачылык дараметин өнүктүрүүгө көмөктөшөт,маалыматты чогултуу,изилдөө,анализдөө жана чыгармачыл жазуу көндүмүн калыптандырат.Эң негизгиси балдар ар кандай жанрдагы адабияттарды окууга тартылат,а бул болсо өз кезегинде алардын китеп окуу адатын өнүктүрөт.
Бул иш-чарага 1-4-класстардан 42 окуучу катышты.Алар үй-бүлө мүчөлөрүнүн жардамында өздөрү тандап алган темалар боюнча изилдөө жүргүзүшкөн .Ар бир окуучу дубал газета,буклет,макет,китеп жасашкан жана сүрөттөрдү тартып,изилдөө жүргүзгөн иштерин(буудай өстүрүп) алып келишкен.Иш-чара ноябрь айында жарыяланып изилдөө үчүн убакыт берилип,анын жыйынтыгын 6-декабрь ата-энелердин,мугалимдердин катышуусу менен презентациялашты.Ал үчүн атайын сынактын өтүлүшүн баалоо үчүн калыстар тобу түзүлдү.Калыстар тобуна мектептин китепканачысы: Абдикерим кызы А.жана башталгыч класстын мугалими: Кадырбердиева А,кыргыз тили мугалими: Аманбаева Б. шайланды.
Ата-энелер да катышып ,бул долбоор ата-энелердин да кызыгуусун арттырганын жана балдар менен чогуу иштешип,көп маалымат топтогонго жардам беришкенин айтышты.Бул албетте үй-бүлөдө жагымдуу чөйрөнүн түзүлүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөнүн да баса белгилеп өтүштү. Ата-энелер өздөрү да чыгып,балдары менен ошол теманы жактоого жардам беришти.Сынак 2 саатка созулуп,кызыктуу өттү.Албетте бул жерде окуткан мугалимдердин да салымы чоң.Акырында

изилдөө долбooруна катышкан балдардын жетишкен ийгиликтери баса белгиленип,мактоо баракчаласы менен сыйланышты.Сынакта калыстар тобу акырында өз ойлорун айтып,балдардын аткарган иштерине баа беришти.Мындай иш-чаралар балдардын чыгармачылыгын өстүрө турганын баса белгилешти. Башталгыч класстардын арасында өткөрүлгөн Изилдөө долбоорунун "Окуйбуз, жасайбыз, изилдейбиз!" конкурсунун жыйынтыгында байгелүү орундарга төмөнкү окуучулар ээ болду:

1-орун Хайдаров Н."Буудай канча күндө өнүп чыгат?"
Ашыралиева А."Математика акылдын гимнастикасы "
2-орун Кушбаева М."Кийиктер тууралуу"
Ниязбекова Н."Буудай канча кундө өнүп чыгат?"деген темада изилдөөлөрү
3-орун 1-а класстын окуучулары "Карандаш кантип пайда болгон?" Насиралиева А " 7 санынын мааниси" 4-в класстын окуучулары "Кызыл-Кыя шаары тууралуу" деген темада изилдөөлөрү

2. Декабрь айында 2-4-класстар арасында олимпиада өткөрүлдү.

12-13-14-15-декабрда мектеп ичинде 2-4- класстарда адабий окуу, математика, орус тили, англис тили сабактарынан олимпиада болду. Олимпиадалык тапшырмаларды түзүлдү. Ар бир класстан катышуучу окуучулардын тизмесин түзүштү. Белгиленген күндөрү олимпиада өткөрүлүп, мугалимдер окуучулардын жазма иштерин текшерип , жыйынтыгын чыгарышты. Олимпиадага окуучулар активдүү катышышты.

Адабий окуудан 63 окуучу
Кыргыз тилинен (орус тилдүү класстар) 42 окуучу
Математикадан 81 окуучу
Орус тилинен (кыргыз тилдүү класстар) 29 окуучу
Англис тилинен 44 окуучу катышышты.

Олимпиаданын жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

| № | Класстар | "Эн мыкты олимпиадачы " наамы | 1-орун | 2-орун | 3-орун |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2-а | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 2 | 2-б | | 1 | | 3 |
| 3 | 2-в | | 2 | 4 | |
| 4 | 3-а | 1 | 8 | 11 | 4 |
| 5 | 3-б | | 1 | 2 | 3 |
| *6* | *3-в* | *1* | *2* | *2* | *1* |
| *7* | *4-а* | *2* | *5* | *5* | *3* |
| *8* | *4-в* | | *4* | *3* | *3* |
| | | | | | |

«Эн мыкты олимпиадачы» наамы төмөнкү окуучуларга ыйгарылды :

2-а классынан Насиралиева Асема
3-а классынан Абдиллаева Алтынай
3-в классынан Насирова Салиха
4-а классынан Ниязбекова Нурия,Исмаилова Самара

-Жыйынтыгында мугалимдер балдар менен кандай тапшырмалардын үстүндө иштөө зарылдыгын байкадык.Окуучулар адабий окуудан өз алдынча текстти окуп,түшүнүп,ошого карата берилген тапшырмаларды аткарышты.Бул аркылуу окуучулардын окуп түшүнүү жана сабаттуу жазуу ,текст менен иштөөсүн көндүмүн текшере алдык.-Математика боюнча BaalooApp материалдары да камтылып,балдарды өз алдынча иштөөсүнө карата көбүрөөк тапшырмаларды берүү менен кайсы тапшырмалардын үстүндө иштөө зарылдыгын талкуулашты .

3. Жазма иштеринин норма боюнча алынышы текшерилди.

-Мында мугалимдер жазма иштердин норма боюнча алынышына жана анын ар түрдүүлүгүнө ар бир мугалим көңүл буруу зарылдыгы баса белгиленди.

Январь айында:

1.Шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөөнүн абалы текшерилди.

Ар бир класс жетекчи шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөө боюнча түзгөн иш пландын негизинде иш алып барышты.Ар бир окуучунун портфолиолору уюштурулуп,окуучулардын эмгектери салынган.Мугалимдер кошум ча сабактарды өтүп,класстан тышкаркы иш чараларга окуучуларды активдүү катыштырышууда.

2. Адабий окуу жана математика сабактарынын окутулушу текшерилип,тегерек столдордо катышкан сабактарды мугалимдин өздүк талдоосу аркылуу окутуунун ийгиликтерин жана жалпы көйгөйлөрдү /аны чечүү жолдорун мектептин мугалимдери менен талкуулоо уюштурулууда.Башталгыч класстарда окутуу практикасын жакшыртуу боюнча мугалимдерге усулдук колдоо көрсөтүү максатында өз ара сабакка катышуу жүргүзүлүп келүүдө.

Февраль айында:

1.Үй-бүлөлүк окуу клубун өткөрүлдү.Ата-энелер чогулушунда үй-бүлөлүк окуунун ролу жана мааниси боюнча түшүнүк жана сунуштар берилди.Мында деңгээлдер боюнча сунушталган китептер, электрондук китептер боюнча өткөзүлдү.Жуманын ар шейшемби күндөрү белгиленип,окуучулар ата-энелери менен окуган китептери боюнча аңгемелшүү өткөрүлүп,ата-эне менен чогуу сахналаштырылган жомокторду даярдашып сүйүктүү китептери тууралуу айтып беришти.Бул албетте үй-бүло мүчөлөрүн жакындатат.Ата-энелер баласын тез жана оңой окууга үйрөтө алышат жана китеп окууга кызыгуусун арттыра алышат.

2.”Китеп куржуну “ эстафетасы башталды.Мында ар бир класста “куржун2 эстафета мыяктуу бир үй-бүлөдөн экинчи үй-бүлөгө саякаттайт.Балдар китепканадан китеп алышып,аны үй-бүлө мүчөлөрү менен окуп чыгат.Китепти окуганын тастыктоо максатында “Окурмандын күндөлүгүн” толтуруп, кичинекей фотоотчет жасашууда.Андан кийин окуган китеперин “куржунга “ салып.кийинки үй-бүлөгө жөнөтөт.Бул иш чара апрель айында жыйынтыкталат.

№ 1. Үйдө балдар менен биргеле"Окуу керемет!" долбоорунун алкагында ата-энелер чогулушун өткөрүлүүдө

USAID дин “Окуу Керемет!” башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелерине арналган ата-энелер чогулушунун 4 сценарийин сунуштаган. Бул жолугушуулар окуу жылынын ичинде өткөрүлөт.

Өтүү убактысы: 30-35 мин.

Ата-энелер чогулушун өткөрүүгө жооптуу: 1-4-класстардын класс жетекчилери.

Ата-энелер чогулушунун максаты- ата-энелерди балдарынын класстан тышкары, үйдө функционалдык сабаттуулугун жогорулатуу процессине тартуу; балдардын окуу көндүмдөрүн жана математикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча үй-бүлөлүк биргелешкен иш-чараларды уюштурууга салым кошуу; баланын жаш курагына жана китептердин деңгээлине ылайык үйдө электрондук китептерди биргелешип окууга көмөктөшүү;

№1 Үйдө биргелешип китеп окуу.

№ 2. Үй-бүлөлүк финансылык сабаттуулук.

№ 3. Математикалык моделдерди колдонуу менен мисалдарды кантип чыгарса болот?

№ 4. Математикалык таблицалар, пиктограммалар жана диаграммалар менен иштөө

Ошондой эле “Ата-энелер мектеби” программасынын негизинде ар бир класста берилген тема боюнча ата-энелер чогулуштары да план боюнча өтүлүүдө.

## Кызыл-Кыя шаарынын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы социалдык педагогдун жарым жылдык иш планынын аткарылышы боюнча маалыматы

**Социалдык педагогдун максаттары** : Мектепте окуп билим алып жаткан окуучулардын үй бүлөдө, ар кандай чөйрөдө, толук кандуу өнүгүшүнө, социалдашуусуна, өзүн аныктоосуна, кесиптик калыптануусуна шарттарды түзүү менен байланыш өнүгүшүнө жагымдуу чөйрөнү түзүү.

**Социалдык педагогдун милдеттери:** Жаш өспүрүмдөргө карата зомбулуктун социалдык жүрүм - түрүмдүн мектеп жашындагы окуучулардын кароосуз калуусун өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу.
-Ата -энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга өз милдеттерине аң-сезимдүү мамилесин калыптандырууга, балдардын ата-энелери менен баарлашууда пайда болгон көйгөйлөрүн чечүүгө көмөктөшүү .
- Опурталдуу кырдаалга, кабылган балдарды жүрүм-туруму, окуусуна жардам берүү.

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучуларынын социалдык абалы жыл башынан аныкталды жана төмөнкүдөй иштер аткарылды.**
**1.Окуучулар менен иштөө.**
Окуучулардын социалдык абалы.
Жалпы окуучунун саны: 965
1.Тоголок жетим-0
2.Жарым жетим-24
3.Көп балалуу- 71
4.Багып алган окуучу-0
5.Жалгыз бой энелер-23
6.Жалгыз бой ата-1
7.Ата-энеси чет өлкөдө иштегендер (Мигрант)-78
8.Аз камсыз үй- бүлө балдары-32
9.Этникалык кыргыздар (Тажикстан)-70
10.Ата-энеси ажырашкан окуучулар- 100
11.Ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген-6
12.Мектеп каттоосунда турган окуучу-2
13.Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар -2

**2. Рейддер**

| **№** | **Окуучунун соц абалы** | **Окуучунун саны** | **Жыл ичиндеги рейдке чыгуу саны** |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп ичиндеги каттоодо турган окуучулар | 3 | 2 |
| 3 | Ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 2 | 1 |
| 4 | Сабакты себепсиз көп калтырган окуучулар | 5 | 6 |

**2.Семинарлар,жүрүштөр,маектешүүлөр.**
**1.**Кылмыштуулук жана зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында кыздар арасында “Кызга кырк үйдөн тыю”деген жыйын.



2. “Жигитке жетимиш өнөр аз” балдар арасында, мектеп ичинде эркек балдар арасындагы жүрүм-турум, телефон, кийинүү жөнүндө маектешүү.



.



**3.Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга арналган “Досума жардам”марафону.**

Жылына 3-декабрь эл аралык мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын күнүнө карата биздин мектепте да окуучулар жана мугалимдер тарабынан атайын марафондор өткөрүлөт. Марафондон чогулган каражаттар шаардагы инвалиттер борборуна жана мектептеги ден соолугу мүмкүнчүлугу чектелген окуучуларга таркатылып берилди.
Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн атайын иш план түзүлүп, ошол түзүлгөн иш план толугу менен аткарылды.





4.” Зомбулукка жол бербе” семинар 9-11-класстар арасында болуп, зомбулуктун турлөрү боюнча өз ойлору жогорку класстардын окуучулары кеңири бөлүштү.
Семинарда 11-класстын окуучусу Камчыева Мээрим өз оюн окуучуларга терең түшүндүрүп активдүү катышып, үй-бүлөдө өспүрүмдөр көптөгөн зордук-зомбулукка кабылып, ден соолуктарына чоң зыян келтирип жаткандыгын айтып, тең туштары менен кеңири ой бөлүштү.
6.Шаардык ИДН кызматкерлеринин коштоосунда “Биз жаркын келечек үчүн”аттуу жөө жүрүш 9-10-11-класстардын катышуусунда өткөрүлдү.




5.**Сабактарды себепсиз көп калтырган окуучулар менен иштөө.**

Сабакты себепсиз калтырган окуучулар менен мугаламдер жана класс жетекчилер тыгыз байланышта туруп иштеп жатышат.

Атап айтсак -Тешебаев Нурбек 9-а класстын окуучусунун ата-энеси ажырашкандыгына байланыштуу, эки жактын тең баланы караган жоопкерчилиги болбогондугуна байланыштуу туруктуу жашаган үйү жок. Азыркы учурда класс жетекчиси Умаралиева Турсунхан эжеке тынбай сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, апасынын колуна барып, жашап жатат, азыркы учурда апасы тарбиялап баланын жашоосу бираз жакшыланды. Келерки жаңы окуу жылында бул окуучунун ата-энеси менен дагы да тыгыз байланышып, окуучуну коомдогу жана окуучулар арасындагы ордун жакшыртууну алдыга максат койдук.

Тешебаев Нурбектин атасы менен жолугушуу




Үйүнө барган учур



- 8-б класстын окуучусу Кудайбергенова Тамара жалгыз эне тарбиялайт.Бул окуучунун үйүнө бир канча жолу ИДН кызматкерлери менен биргеликте жашоосу менен таанышып, апасы менен Тамараны окууга баруусун камсыздоону түшүндүрүп келдик. Мектеп тарабынан чогултулган ар канлай «Досума жардам» акцияларында жакындан жардам берип келебиз.Тилекке каршы апасы кыргызстан жараны болбогондуктан окуучуну окууга камсыздоодо кыйналат. Ошондуктан Тамара кээ бирки учурларда ар кандай ашканаларга барып,апасыга жардам берет.Үйүндө көп келишпестиктер болгондугуна байланыштуу үй жумуштарын, инилерин карап сабак аткарууга убактысы жоктугун айтат. Тамаранын апасы менен түшүндүрүү иштери жүргүзүү учурунда үй тапшырмаларына убакыт ажыратып берүүсүн ошондой эле сабактарды себепсиз калтырбай окушу керек экендиги айтып,түшүндүрүлдү.

Кудайбергенова Тамаранын апасы менен



**3.Анкеталык сурамжылоо.**

**1.Тема : “Канткенде рекетчиликти жок кылабыз”**деген анкеталык сурамжылоого жалпы 273 окуучу катышып рекетчиликтин түрлөрү жана рекетчилик жөнүндө маалыматтарды алышты.Ошондой эле балдардын ишеним телефону 111 жөнүндө маалыматтар берилди.

**2.Тема : Зомбулуксуз мектеп**

Аттуу анкеталык сурамжылоо 7-8-9-класстар арасында жүргүзүлүп жалпы 312 окуучу анкеталык сурамжылоого жооп беришти. Анкеталык сурамжылоодо мектепте окуучулар тарабынан эч кандай зордук-зобулук жок экендиги байкалды. 53 окуучу зордук-зомбулук жөнүндө маалыматы жок экендигин билдиришти жана ошол 53 окуучуга зордук-зомбулук жөнүндө маалымат берилди.

**4.Ата-энелер менен иштөө.**

Биздин Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ата-энелери менен иштөөда атайын жолго койулган. Айтсак ар чейрек сайын ата-энелер менен атайын жыйындар өткөрүлуп, ата-энелер мектеби да жолго койулган.Үй - бүлөдөгү зордук -зомбулуктун алдын алуу максатында класс жетекчилер менен биргеликте ата-энелер чогулуштары өткөрүлдү.Ар бир класс жетекчи балдардын укуктары жөнүндө ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келишет.





**Ата-энелер мектеби.**






**4.Тобокел тобунда каттоодо турган окуучулар менен иштөө багыты:**

| № | Аты жөнү | Классы | Соц абалы | Туулган жылы,айы | Жашаган дареги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Махамадюнусов Акмал | 9-б | Жарым жетим(чоң атасы менен жашйт) | 26.09.2007 | Маяковская без № |
| 2 | Кудайбергенова Тамара | 9-б | Ажырашкан уйбүлө (апасы менен ) | 09.02.2009 | Маяковский 23 |
| 3 | Тешебаев Нурбек | 9-а | Ажырашкан үйбүлө | 28.02.2007 | Жусубалиев 190-2 |

Мектеп ичинде тобокел тобунда каттоодо турган окуучулардын саны 3окуучу.Бул окуучулар сабактарды көп калтырган, тартиби начар, кооптуу үй -бүлө болгондуктан мектептин коомдук кеңешинин чечими менен мектептин учётуна алынды. Бул окуучулардын ата-энелери менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, мектеп ичиндеги кошумча сабактарга катыштыруу уюштурулду.


Мектеп каттоосундагы окуучулардын үйлөрүнө рейд.






**5.Мугалимдер менен иш алып баруу.**

Биздин Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мугалимдери да кылмыштуулук, зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында атайын түзүлгөн иш пландын негизинде жана сырттан келген иш пландар менен окуучуларга тарбиялык сабактарды жана семинарларды өтүп келишти.






Ошондой эле ар бир окуучуга свод анализ берүү сыяктуу методдорду үйрөнүп тажрыйба алмашып келет.




Келерки жаңы окуу жылында мугалимдер менен көптөгөн семинарларды өтүп, тажрыйба алмашууну алдыга максатка койдук.

**Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы тарбия иштери боюнча жүргүзүлгөн иштердин жарым жылдык отчету**

Түзүлгөн жылдык пландын негизинде адеп ахлактык тарбия, мекенчилдикке тарбиялоо, экологиялык тарбия, салттуу улуттук маданиятты таанып билүү тарбиясы, эстетикалык жана эмгекке тарбиялоо, жалпы мектептик майрамдар, нравалык тарбия багытындагы тарбия боюнча иш чаралар төмөнкү максаттын жана милдеттердин негизинде өткөрүлдү.

***Максаты:***

- Окуучуларга сабактан тышкаркы тарбиялык иштери аркылуу өздүк, интелектуалдык, чыгармачылык жактан өсүп-өнүгүшү үчүн шарт түзүү;
- Өнүккөн коомго ылайыкташкан акыл- эстүү инсандарды тарбиялап жетилтүү;

***Милдеттери:***

- Чыгармачылык жактан өнөрлүү балдарды табуу жана аларды өркүндөтүү;
- Аскердик патриоттук жана жарандык укук тарбияны жөнгө салуу;
- Жашоонун куунак мүнөзүн пропагандалоо;
- Класс жетекчилердин усулдук чеберчилигин жөнгө салуу;
- Коомдо өз орду бар инсандарды тарбиялоону калыптандыруу;
- Эмгекке тарбиялоону жөнгө салуу;
- Мектеп үй-бүлө байланышын бекемдөө;

1. ***Адеп-ахлактык тарбия***

Сентябрь айында мектеп соц.педагогу класс жетекчилерден окуучулардын социалдык абалы жөнүндө маалыматтарды алып окуучулардын социалдык абалы такталды.

2022-2023-окуу жылында “Улгайган курактагы адамдарга көңүл буруу жана камкордук көрсөтүү” айлыгынын иш планы түзүлүп төмөнкүдөй иш чаралар жүргүзүлдү.
Мектепте 1-11-класстардын класс жетекчилери «Карысы бардын ырысы бар» деген тарбиялык сааттарды өтүлдү.
30-сентябрь күнү бизди мектептин окуучулары улгайган адамдарга жардам берүү максатында төмөнкүдөй иштерди аткарышты:

1. 8-а классынын окуучулары Тургунбаева Бусара эжекенин үйүнө жолугушуга барып, алар 800 сомдук(бир букет гүл, шириндик, жоолук) белеги менен барып келишти.
2. 8-б классынын окуучулары эмгек ардагери Исмаилова Саткынай чоң эне менен жолугушуга барын, жашоо шартын, ден соолугун сурап майрамы менен куттуктап 900 сомдук ( азык-түлүк продукта) белеги менен барып келишти.
3. 8-в классынны окуучулары ардактуу эс алууда жүргөн математика мугалими Ташева Канталат эжекеге 750 сомдук (гул, ширindik, жоолук) белеги менен барып келишти.

4. 8-г классынын окуучулары ардактуу эс алууда жүргөн кыргыз тили жана адабияты мугалими Абытова Райкан эжекеге 700сомдук (шириндик, жоолук, азык түлүк продукталар) белеги менен барып келишти.
5. 9-а классынын окуучулары ардактуу эс алууда жүргөн кыргыз тили жана адабияты мугалими Туратова Жыпар эжекеге 1000сомдук (шириндик, жоолук, гүл) белеги менен барып келишти.
6. 9-б классынын окуучулары эмгек ардагери Ташматов Кошубак агайга 700сомдук (шириндик, азык түлүктөр) белеги менен барып келишти.
7. 10-а классынын окуучулары ардактуу эс алууда жүргөн математика мугалими Кенжебаева Шырман эжекеге 800сомдук (шириндик, гүл, азык түлүктөр) белеги менен барып келишти.
8. 11-а классынын окуучулары эмгек ардагери Исмаилов Козубай агайга 800сомдук (шириндик, азык түлүктөр) белеги менен барып келишти.

3-октябрь күнү Кольцевая көчөсүнүн №76 үйүнүн жашоочусу 96 жаштагы Жанбилова Токто чоң энеге 1000сомдук (гүл, жоолук, азык-түлүк продукталар) белек берилди.

21-ноябрь "Досума жардам" аттуу акция болуп өттү. Акцияга 2-11- класстын окуучулары катышты. Акциядан түшкөн каражаттар мектептеги мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга бөлүнүп берилди. Акциядан ашкан каражаттар шаарыбыздагы майыптар үйүндө тарбияланып жаткан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга берилди.

2. ***Мекенчилдикке тарбиялоо.***

Сентябрь айында "Кыргыз тили- кылым тили" аттуу жарым айлык кыргыз тил жумалыгына мектеп окуучулары активдүү катышышты. Кыргызыстан тууралуу мекенди даңазалаган ырлар жана манас айтыш конкурстары өткөрүлдү. Бардык сынактарды кыргыз тил мугалимдери жетектеп, активдүү катышкан окуучулар мектеп линейкасында мактоо баракчалары менен сыйланышты.

Жаңы окуу жылынын башталышы менен Кыргыз Республикасынын Гимни менен дүйшөмбү, жума күндөрү сабакты ырдап баштайбыз .

3. ***Жарандык тарбия:***

Быйылкы 2022-2023-окуу жылында жол эрежелери боюнча төмөнкүдөй иштер аткарылды:

- Жаңы окуу жылынын башында окуучуларга техникалык коопсуздук эрежелери жана жолдо жүрүү эрежелери боюнча бардык класстарда түшүндүрүү иштери, тарбиялык сааттар өткөрүлүп, тарбиялык журналдарга окуучулардын кол тамгалары коюлган.
  Баардык предметтик кааналарда жолдо журуунун жана техникалык коопсуздук эрежелери түзүлүп, бекитилип илинди.
  1-4- башталгыч класстарда «Үйдөн мектепке чейинки жолдун схемасы» боюнча түшүнүк берилип, ар бир окуучунун күндөлүгүндө өзүнүн мектепке келүү жолунун схемасы тартылды.
  Окуучуларга техникалык коопсуздук эрежелери жана жолдо жүрүү эрежелери боюнча бардык класстарда түшүндүрүү иштери, тарбиялык сааттар өткөрүлдү.Баардык предметтик кааналарда жолдо жүрүүнүн жана техникалык коопсуздук эрежелери түзүлүп, бекитилип илинди .
- Жолдо жүрүү эрежелери боюнча Кызыл-Кыя ШИИБнүн улук инспектору, милициянын капитаны А.Төлөнов окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

  Ар бир окуу канааларында "Жолдо жүрсөң абайла" деген бурчтар уютурулган.
- Кызыл-Кыя ШИИБи боюнча ЖКККБ улук инспектору милициянын капитаны Төлөнов Азиз эрте менен мектептин алдындагы авто унаалардын айдоочуларынын жол эрежелерин сакталышын менен жол коопсуздугуна көңүл буруп, окуучуларды мектепке өтүү жолдорун көзөмөлдөө иштерин аткарып келет.
- Октябрь айында 1-4-класстарга жол кайгул кызматкерлери жол белгилери, светафор боюнча түшүнүк беришти. 5-8-класстарга "Жолдо жүрсөң сак бол, эрежеге так бол!" деген темада аңгемелешүү болду. 9-11-класс тар арасында "Жол белгилерин билесинби?" деген темада лекция окулду жана жол жээгиндеги белгилер боюнча айтып өттү. Класс жетекчилер 1-11-класстарга "Светофор", "Жол эрежелерин сактагыла!" деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү.

- Декабрь айында аба-ырайынын өзгөрүшү менен 1-6-класстарда “Кыш мезгили жол тайгак!” деген темада мектеп инспектору Калматов Т. түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

“Жарандык коргону” боюнча иш чаралар түзүлүп, иш чаранын негизинде бир канча иштер аткарылды.
Жарандык коргону боюнча 1-11-класстарга класстык сааттар өткөрүлдү. Мында ар түрдүү кырсыктардын алдын алуу боюча кенен маалымат беришти. Кырсыктрдын качан болушу биз үчүн белгисиз, ошодуктан дайым даяр болушубуз керек. Ал үчүн жардам берүүчү кызматтарды туура чакыруу боюнча түшүнүктөр берилди.
1-4-класстар Жол коопсуздугунун алдын алуу боюнча;
5-8-класстар Өрт, сел коопсуздугунун алдын алуу;
9-11-класстар Өзгөчө кырдаалдагы кырсыктардын алдын алуу боюнча сабактары өткөрүлдү.
Мектепте атайын тревога берилип сыртка чыгып, эвакуациялоо жолдорун үйрөнүштү.
Жарандык коргонуу күнүнө карата “Табигый кырсыктардан сактаналы” деген темада төмөнкүдөй конкурстар болду:

1. Сүрөт тартуу 2-5-класстар үчүн,
2. Видеоролик түзүү 6-8-класстар үчүн,
3. Буклет жасоо 9-11-класстар үчүн

Мында окуучулардын тарткан сүрөттөрүн, аракетин, мээнетин, талантын баалап, ал окуучулар грамоталар менен сыйлынышты.

Биздин мектептин окучулары график боюнча 2022-жылдын 28-сентябрь күнү саат 13:30 жаш өрт өчүрүүчүлөр тобу Кызыл-Кыя шаарындагы өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө ачык эшик күнүнө түзүлгөн графиктин негизинде барып келишти. Жаш өрт өчүрүүчүлөр тобунун башчылары жана жардамчылары болуп 18 окуучудан түзүлгөн курам барып, ишкана менен кеңири таанышып келишти. Окуучулар ал жердеги кызматкерлер менен жакындан таанышып, мында 101 жана 112 кызматтагы автоуналардын кандай кызматы аткарышын билишти жана өздөрү кызыккан суроолоруна жооп алып келишти. Негизинен ачык эшикке катышкан окуучлар үчүн аябай кызыктуу болду.

Өрт коопсуздугунун эрежелери боюнча, “Өрттүн келип чыгыш себептери” деген темада 1-11-класстын окуучуларына тарбиялык сабактар өтүлдү. Өрт коопсуздук эрежелери менен мектеп жамааты таанышып чыкты. Ар бир кабинетте техникалык коопсуздук эрежелери илинген. Ошондой эле мектептин ар бир кабатына коопсуздук схемалары илинген. 9-11- класстын окуучуларынын курамынан турган “Өрт өчүрүүчүлөрдүн отряды”түзүлдү. Кызыл-Кыя шаардык өзгөчө кырдаалдар мекемесинин кызматкерлери

1-4-класстарга жол кайгул кызматкерлери жол белгилери боюнча түшүнүк беришти.

Өрттүн чыгуу коопсуздугунун алдын алуу боюнча мектептин ар бир кабатында, ашканада, химия каанасында, китепканада, информатика каанасында бирден огнушитель коюлду жана щиттерге, точкаларга 220В деген жазуулар жазылды. Окуу кааналарында өрт боюнча бурчтар түзүлдү, бардык класстарга өрттун чыгуу себептери боюнча тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

5-ноябрь күнү мугалимдерге «Өрт – деген эмне?» деген семинар болуп өттү. Ал жерде мектеп директору, организатор, соцпедагог жана мед айымдар тарабынан өткөрүлдү. Алар өрттүн чыгуу себептерин, медициналык биринчи жардам жана ишеним телефондору боюнча маалымат беришти.

4. ***Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо. Экологиялык тарбия.***

Окуу жылынын башында мектеп айланасындагы участкалар 3-11- класстын окуучуларына бөлүнүп берилди. Ар жума күндөрү тазалык күнү болуп турду.Мектеп парламентинин астында ар жума сайын ишембиликке катышуу боюнча эмгек секторлору маалымат берип, жыйынтыгы мониторингe чыгарылып жатты.

Ноябрь айында ар бир класс кабинеттери жылууланып,кышка даярдык көрүлдү.

5. **Салттуу улуттук маданиятты таанып билүү тарбиясы.**

Биздин мектепте да Чолпонбай Түлөбердиевдин 100 жылдык маарекесине карата иш-чаралар планы түзүлүп, пландын негизинде төмөнкүдөй иштер аткарылды.

27.09-03.10 чейин класс жетекчилер тарабынан "Биздин баатыр Чолпонбай", "Баатырлар дайыма биз менен" , "Элесиңер эстен кетпейт баатырлар" деген темаларда 1-11-класстарда тарбиялык саат өткөрүлдү.

"Легендага айланган баатыр" деген темада сүрөт көрөгөзмөсү 4-7-класстар арасында болуп өтүү. Мында баатырдын эрдиктерин мыкты тартып келген 5-а,б, 7-а,в клсстарынын окуучулары грамота менен сыйланышты.

"Баатыр-Чолпонбай Түлөбердиевге" арналып жазылган ыр саптарынан көркөм окуу 5-9-класстар арасында болуп өттү. Мында 5-б,6-а,8-б классынын окуучулары мыкты ыр саптарды мыкты денгээлде айтышты. Ал эми 7-в,9-а классынны окуучулары мыкты деп тандалды.

Кыргыздын алгачкы агартуучусу илимпозу Ишеналы Арабаевдин 140 жылдык маарекесине карата иш чаралар болуп отту.

1-11-класстарга "Ишеналы Арабаеге 140 жыл" деген тарбиялык саатар өтүлдү. 14-декабрь күнү кыргыз дын алгачкы илимпозу Ишеналы Арабаевге арналган бурч уюштулуп, окуучулар "Агартуучуга- таазим! " аттуу көргөзмөгө өз колдору менен жасаган буклеттер, китепчелерин алып келишти.

6. **Эстетикалык жана эмгекке тарбиялоо**

Сентябрь айында 3-11- класстарга мектеп администрациясы тарабынан мектептин айланасындагы территориялар бөлүштүрүлүп, ар ишемби сайын жалпы мектептик ишембилик өткөрүлүп турду. Класс жетекчилер жыл ичинде окуучулар менен эмгекке тарбиялоо темасында үзгүлтүксүз ангемелешүүлөрдү өткөзүп турушту.

7. ***Жалпы мектептик майрамдар, нравалык тарбия.***

1-сентябрь билим күнүнө карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү. Кут билим газетасы сунуштаган темалар боюнча1-4-класстар үчүн "Биз –Кыргызстандын келечегибиз!" 5-8-класстар үчүн"Эл биримдиги- көп түрдүлүктө", 9-11-класстар үчүн"Кыргыз жараны- жалпы жарандык иденттүүлүк"деген темада 1-11- класстарга класс жетекчилер тарбиялык сабак өтүштү.

Октябрь айында мугалимдер күнүнө карата мектептин парламенти жана таланттуу окуучулардын уюштуруусу менен мектеп мугалимдерине концерттик кече тартууланды.

26-28-декабрга чейин 1-11- класстын окуучуларына мектептин актовый залында балаты жасалып, жаңы жылдык кече өткөрүлдү. Кече концерттик программа, кызыктуу сынактар менен коштолуп, ар бир окуучуга белектер берилди. Ошондой эле мэрия тарабынан уюштурулган, шаардагы мектептерде окуп жаткан аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына да биздин мектепте "Балаты" майрамы өткөрүлдү. Балдарга арналган оюн зоок программалары тартууланды жана белектер тапшырылды.

8. ***Гигиеналык тарбия***

Мектепте санитардык –гигиеналык эрежелердин сакталышы боюнча окуучулар арасында ар түрдүү иш чаралар өткөрүлдү. Сентябрь айында "Сарык оорусунан сактаналы", "Сасык тумоо" деген темаларда 1-11- класстын окуучуларына класс жетекчилер тарбиялык сабак өтүштү. "Таза кол жана таза чач" рейддери ар айда эки жолу өткөрүлүп турду.
Биздин мектепте таза колдор боюнча иш чаралардын негизинде төмөнкүдөй иштер аткарылды.

Балдарыбыздын ден соолугу чыӊ болуш үчүн дайыма алдын ала иш чараларды жүргүзүп турушубуз абзел. Биздин мектепте 18-октябрдан 22-октябрга чейин “Таза колдор” деген темада 1-11-класстарга тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Мында класс жетекчилер төмөкүлөрдү айтты. Микробдор жашоодо арбын, өзгөчө жуулбаган мөмө-жемиштерде, таза эмес оюнчуктарда да көп кездешет, микроптор организимге кирсе гепатитти жана башка жугуштуу ооруларды пайда кылары жөнүндө айтты. Дайыма кайнатылган суу ичүү, даараткандан кийин колду самындап жуу айтылды. Колдор аркылуу микроптор өтө тез жугарын айтты.
15-октябрь Бүткүл дүйнөлүк таза колдор күнүнө карата сүрөт конкурстарына 4-в,3-в, 3-а,2-а класстары активдүү катышты. Ал эми “Таза колдор ден соолуктун булагы” сүрөт конкурсунда 5-б,6-а,7-а,7-б класстарынын окуучулары активдүү катышышты.

СПИДке туберклезго жана башка жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү боюнча жылдык иш план түзүлүп анын негизинде иш алып барылды.

Ноябрь айында “СПИД коркунучтуу дарт” деген темада 9-11- класстын окуучуларына тарбиялык сабактар өтүлдү.

Ноябрь айында ВИЧ инфекциясы боюнча 9-10-11- класстын окуучуларынан, ВИЧ инфекциясы боюнча канчалык денгээлде маалыматы бар экендигин текшерүү максатында анкеталык суроо жооп алынды.

Декабрь айында 1-11-класстын окуучуларына “Өздүк гигиенаны сактоо менен жугуштуу оорулардан сактаналы” деген темада тарбиялык сабактар өтүлдү. 9-11- класстын окуучуларына мектеп парламентинин мүчөлөрү “СПИД кылымдын душманы деген темада” тегерек стол өткөзүштү.Класс жетекчилер ар дайым окуучулар менен сүйүү, үй-бүлө күтүү, жугуштуу оорулардан кантип сактануу керектиги жөнүндө тынымсыз ангемелешип турушту.

## 9. *Мектеп парламент*

Сентябрь айында класс президенттеринин чогулушу болуп өттү. Бул чогулушта мектеп парламентин шайлап алуу талкууланды. 2022-2023-окуу жылынын 12-октябрында мектеп президентигине 10-а класстын бир окуучусу, 9-а класстын бир окуучусу, талапкерлигин көрсөтүштү. Алар 10-а класстын окуучусу Жанибеков Байинбет, 9-а класстын окуучусу Исраилова Самара. Шайлоонун жыйынтыгында 10-а классынны окуучусу Жанибеков Байинбет мектеп президенти болуп шайланды. 9-а классынын окуучусу Исираилова Самара перьер министр болуп шайланды. Мектеп президенти мектеп парламентинин бир жылдык иш пландары менен мектеп окуучуларына тааныштырып өтүштү. 8-11-класстардын презинтеринин чогулушунда парламент мүчөлөрүн министрлер шайланды.

Мектептин өзүн өзү башкаруу курамынын мүчөлөрү ар бири өздөрүнө бөлүнгөн иштери боюнча бир жылдык иш план түзүп директор тарабынан бекитилди.Мектепте өткөрүлгөн “Карыялар күнүн белгилөө”, “Мугалимдер күнүн белгилөө”, “Досуӊа жардам” акциялары, “Балаты майрамдарын” даталуу күндөрдө иш чараларды өткөрүүгө чоӊ салымдарын кошуп, пландын негизинде иш алып барууда.

## 1. *Укук бузуулар жана кылмыштуулуктун алдын алуу иштери*

2022-2023-окуу жылынын август айында “ Укук бузуучулук жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү” жүргүзүү үчүн алдын алуу кеӊеши түзүлдү. Окуу жылынын ичинде ар бир айда бир жолу директор алдында кеӊешме болуп өтөт. Бул кеӊешмеде мектептин ички көйгөйлөрүн аныктоо иштери жүргүзүлүп жатты. Сабактан себепсиз көп калган окуучулардын ата-энелери педкеӊешмеге чакыртылып эскертүүлөр берилип жатты. Окуу жылдын башында “Диний экстремизмге бөгөт коюу, анын алдын алуу, “Укук бузуучулукка жол бербөө” жана кылмыштуулуктун алдын алуу” боюнча жылдык пландар түзулүп ошол пландын негизинде иш алып барылды. Ал эми шаардык ЖЖОИ кызматкерлери менен биргеликте “Милициянын жаш жардамчысы” отрядынын аткаруу иштери боюнча жылдык план түзүлүп пландын негизинде өз убагында түрдүү иш чаралар өткөрүлдү. Мектепте кылмыштуулуктун алдын алуу каанасы ачылган жана “Мектеп корупцияга каршы” аттуу стенд чыгарылган. Ошондой эле мектептин биринчи этажында ишеним телефон номери менен ишеним кутусу илинген. Ишеним кутусу ар айдын 27-числосунда атайын түзүлгөн комиссиянын катышуусунда ачылып, арыз

түшкөнтүшпөгөнү каралып турду. Жыйынтыгында ар бир айда эч кандай мектепте укук бузуулар, кылмыштуулук болбогондугун жана мектепте жемкорлук жок экендиги аныкталып, шаардык билим берүү бөлүмүнө маалымат берилип турду. Сабактан тышкаркы учурларда мечиттерге барган, хиджаб кийип жүргөн окуучулар тактап алынды. Ал окуучулар менен алрдын ата-энелери менен жеке сүйлөшүү иштерин класс жетекчилер, пед кеңешменин мүчөлөрү алып барды.

Сентябрь айында "Жакшы окуп жакшы жүрүшүм, мектебиме кошкон үлүшүм" деген темада 1-11- класстарга класс жетекчилер тарбиялык сабактарды өтүштү.

Октябрь айында "Кылмыштуулуктун түрлөрү көп, бирок анын алдын алуу ар бир атуулдун милдети" деген темада 7-11- класстын окуучуларына мектептин соц.педагогу Атаханова Ш, организатор Бекенова Г ангемелешүү өткөзүштү. Окуучуларга темага байланыштуу видеороликтер көрсөтүлдү,талкууга алынды.

"Сенин жашооң кандай болуп жатат" деген темада окуучулардын арасында "Мектеп рекети" фактыларын алдын алуу боюнча ЖЖӨИ кызматкерлери менен биргеликте 5-11-класстын окуучуларынан анкета алынды.Алынган анкетанын негизинде окуучулар арасында рекетчилик жок экендиги такталды.

Ноябрь айында жүргүзүлгөн "Базар", "Кароосуз балдар", рейди өткөрүлдү. Рейд жүргөн учурда №6 мектептин окуучулары катталган жок.

Декабрь айында шаардык мектептердин организаторлору жана соцпедагогторунун арасында "Мектеп рекети" деген темада семинар өтүлдү. Класс жетекчилер "Наркотик дүйнөнүн оорусу"деген темада тарбиялык сабак өтүштү. Тамеки, насыбай чегүү алкоголь ичимдиктеринин зыяндыгы жана наркотикалык заттарды колдонуунун коркунучтары жөнүндө окуучулар менен ангемелешүүлөр жүргүзүлдү.

10-декабрда мектеп жетекчиси, соцпедагог жана 9-10-11-класстын окуучулары менен "Зордук зимбулукка каршыбыз" деген жөө жүрүш болуп өттү. Зордук зомбулук боюнча 1-11-класстардын окуучуларына кеңири маалыматтар берилди.

Кыздар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу,кыздардын эрте никеге туруусун алдын алуу максатында 7-11- класстын кыздары менен соц.педагог Атаханова Ш,организатор Бекенова Г. кыздар кенешинин жетекчиси Жээнбаева Г ангемелешүү өткөрдү.

2. ***Класс жетекчилер менен иштөө***

2022-2023- окуу жылында мектепте 32 класс ачылды. Ар бир класска класс жетекчилер дайындалды. Жаңы окуу жылынын башында ар бир класс жетекчи тарбиялык иштер боюнча бир жылдык иш план түзүп директор тарабынан бекитилген. Түзүлгөн иш пландын негизинде ар бир класс жетекчи иш алып барды.

Класс жетекчилер төмөнкү класс жетекчилик милдеттерди аткаруу менен иштешти.

1. Класстын социалдык паспортун түзүү, социалдык абалын аныктоо, ал окуучунун ата-энеси же болбосом алардын ордуна карап жаткан адамдар менен профилактикалык иштерди жүргүзүү,ошол үй-бүлөлөрдү көзөмөлгө алуу
2. Класстык ата-энелер чогулушун өткөрүү, тарбиялык сабактарды өтүү (ата-энелердин катышуусунда)
3. Мектепте өткөрүлүп жаткан класстан тышкаркы иштерге жардам көрсөтүү
4. Күндөлүктөрдү убагында текшерип туруу (эки жумада бир жолу)

Ар чейрек сайын класс жетекчилер ата-энелер чогулушун төмөнкүдөй темалардын негизинде өткөзүштү.

а) Багыттоочу –мектептин ,класстын турмушу менен тааныштыруу.

б) Консультациялык ата-энелер менен балдар менен бирдикте кээ бир суроолорду чечүү боюнча.

в) Жыйынтыктоочу –балдардын (окуудан, чыгармачыл, техникалык жана башкалар) жыйынтыгы боюнча.

г) Маалыматтык агартуучулук –тарбиялоо жана билим берүү проблемаларына багытталган темалар боюнча чогулуштар өткөрүлдү.

Чейрек сайын "Ата-энелер мектеби" программасын ата-энелерге өтүп келе жатышат.

3. ***Ата-энелер менен иштөө***

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет. Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды. Сентябрь айында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы

организатор Бекенова Г ангемелешүү өткөзүштү. Окуучуларга темага байланыштуу видеороликтер көрсөтүлдү,талкууга алынды.
“Сенин жашооң кандай болуп жатат” деген темада окуучулардын арасында “Мектеп рекети” фактыларын алдын алуу боюнча ЖЖӨИ кызматкерлери менен биргеликте 5-11-класстын окуучуларынан анкета алынды.Алынган анкетанын негизинде окуучулар арасында рекетчилик жок экендиги такталды.
Ноябрь айында жүргүзүлгөн “Базар”, “Кароосуз балдар”, рейди өткөрүлдү. Рейд жүргөн учурда №6 мектептин окуучулары катталган жок.
Декабрь айында шаардык мектептердин организаторлору жана соцпедагогторунун арасында “Мектеп рекети” деген темада семинар өтүлдү. Класс жетекчилер “Наркотик дүйнөнүн оорусу”деген темада тарбиялык сабак өтүштү. Тамеки, насыбай чегүү алкоголь ичимдиктеринин зыяндыгы жана наркотикалык заттарды колдонуунун коркунучтары жөнүндө окуучулар менен ангемелешүүлөр жүргүзүлдү.

10-декабрда мектеп жетекчиси, соцпедагог жана 9-10-11-класстын окуучулары менен “Зордук зимбулукка каршыбыз” деген жөө жүрүш болуп өттү. Зордук зомбулук боюнча 1-11-класстардын окуучуларына кеңири маалыматтар берилди.
Кыздар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу,кыздардын эрте никеге туруусун алдын алуу максатында 7-11- класстын кыздары менен соц.педагог Атаханова Ш,организатор Бекенова Г. кыздар кенешинин жетекчиси Жээнбаева Г ангемелешүү өткөрдү.

2. ***Класс жетекчилер менен иштөө***

2022-2023- окуу жылында мектепте 32 класс ачылды. Ар бир класска класс жетекчилер дайындалды. Жаңы окуу жылынын башында ар бир класс жетекчи тарбиялык иштер боюнча бир жылдык иш план түзүп директор тарабынан бекитилген. Түзүлгөн иш пландын негизинде ар бир класс жетекчи иш алып барды.

Класс жетекчилер төмөнкү класс жетекчилик милдеттерди аткаруу менен иштешти.

1. Класстын социалдык паспортун түзүү, социалдык абалын аныктоо, ал окуучунун ата-энеси же болбосом алардын ордуна карап жаткан адамдар менен профилактикалык иштерди жүргүзүү,ошол үй-бүлөлөрдү көзөмөлгө алуу
2. Класстык ата-энелер чогулушун өткөрүү, тарбиялык сабактарды өтүү (ата-энелердин катышуусунда)
3. Мектепте өткөрүлүп жаткан класстан тышкаркы иштерге жардам көрсөтүү
4. Күндөлүктөрдү убагында текшерип туруу (эки жумада бир жолу)

Ар чейрек сайын класс жетекчилер ата-энелер чогулушун төмөнкүдөй темалардын негизинде өткөзүштү.

а) Багыттоочу –мектептин ,класстын турмушу менен тааныштыруу.

б) Консультациялык ата-энелер менен балдар менен бирдикте кээ бир суроолорду чечүү боюнча.

в) Жыйынтыктоочу –балдардын (окуудан, чыгармачыл, техникалык жана башкалар) жыйынтыгы боюнча.

г) Маалыматтык агартуучулук –тарбиялоо жана билим берүү проблемаларына багытталган темалар боюнча чогулуштар өткөрүлдү.

Чейрек сайын “Ата-энелер мектеби” программасын ата-энелерге өтүп келе жатышат.

1. ***Ата-энелер менен иштөө***

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет. Сентябрь айында жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана көйгөйлүү маселелери талкууланды. Мектеп боюнча жалпы ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрайымы шайланды.

2022-2023-окуу жылында мектепте ата-энелер мектебинин иштери да жакшы жолго коюлуп, бир топ иш чаралар өткөрүлдү. Ата-энелер мектебинин чогулушунун графиги түзүлүп, берилген темаларда энелер менен жолугушуулар убагында өткөрүлүп келет.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.